УДК.94:341.222(575.2) (04).

***Нишанова Р.***
*илимий кызматкер*
***Нишанова Р.***
*научный сотрудник*
***Nishanova R.***
*researcher*

***Закиров М .А.***
*т.и.к., ага илимий кызматкер*
***Закиров М.А.***
*к.и.н., научный сотрудник*
***Zakirov M.A.***
*Ph.D., researcher*

# КЫРГЫЗ-ТАЖИК ЧЕК АРА ТАЛАШТАРЫНЫН ЖӨНГӨ САЛЫНЫШЫ

# УРЕГУЛИРОВАНИЕ КЫРГЫЗСКО-ТАДЖИКСКИХ ПОГРАНИЧНЫХ СПОРОВ

# SETTLEMENT OF KYRGYZ-TAJIK BORDER ISSUES

*КР Президентине караштуу УИАнын Б.Джамгырчынов атындагы*
*Тарых, археология жана этнология институту*
*Институт Истории, археологии и этнологии имени Б. Джамгырчынова*
*Национальной академии наук при Президента КР*
*Institute of History, archaeology, and ethnology*
*named after B. Dzhamgyrchynov National Academy of Sciences under the*
*President of the Kyrgyz Republic*

**Аннотация**. Бул макалада Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамлекеттик чек ара маселелеринин тарыхый, саясий жана укуктук аспектилери талдоого алынган. Советтик мезгилден бери калыптанган административдик чек аралар бүгүнкү күндө эки өлкөнүн ортосунда талаш-тартыштардын булагына айланган. Өзгөчө Баткен облусундагы Ворух анклавы жана ага чектеш аймактарда болгон чек ара жаңжалдары аймактагы коопсуздуктун негизги маселеси болгон. Макалада чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процессинин жүрүшү, ага байланыштуу кыйынчылыктар жана анны чечилиши каралган.

**Негизги сөздөр**: Кыргызстан, Тажикстан, чек ара, делимитация, демаркация, анклав, Ворух, коопсуздук, талаштуу аймактар, улуттар аралык мамилелер.

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются исторические, политические и правовые аспекты проблемы государственной границы между Кыргызстаном и Таджикистаном. Административные границы, сформировавшиеся ещё в советский период, сегодня стали источником споров между двумя странами. Особенно остро проблема проявляется в Баткенской области, где расположенный таджикский анклав Ворух и прилегающие к нему территории неоднократно становились очагами приграничных конфликтов и остаются одной из ключевых угроз региональной безопасности. В статье анализируется процесс делимитации и демаркации государственной границы, рассматриваются трудности, возникающие в ходе этого процесса, а также возможные пути их решения.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Таджикистан, граница, делимитация, демаркация, анклав, Ворух, безопасность, спорные территории, межэтнические отношения.

**Abstract.** This article examines the historical, political, and legal aspects of the state border issue between Kyrgyzstan and Tajikistan. The administrative borders established during the Soviet period have become a source of disputes between the two countries today. The problem is particularly acute in Kyrgyzstan's Batken region, where the Tajik enclave of Vorukh and adjacent territories have repeatedly become hotspots of border conflicts and remain one of the main security challenges in the region. The article analyzes the process of delimitation and demarcation of the state border, discusses the difficulties encountered during this process, and explores possible solutions.

**Keywords:** Kyrgyzstan, Tajikistan, border, delimitation, demarcation, enclave, Vorukh, security, disputed territories, interethnic relations.

Кыргыз-тажик чек арасы Борбордук Азиядагы эң татаал жана көптөн бери чечилбей келе жаткан жана ал саясий, тарыхый жана этникалык факторлор менен байланышкан көйгөйлөрдөн болгон. Эки өлкөнүн чек арасынын айрым бөлүктөрүндө мезгил-мезгили менен кагылышуулар жана чыр-чатактар катталып, кээ бир учурларда кандуу кагылышууларга чейин өсүп жеткен. Өз кезегинде чек ара маселесинин чечилбеши эки элдин өз ара мамилелерине терс таасирин тийгизип, аймактык туруктуулукка коркунуч жараткан.

Эгемендүүлүк мезгилинде Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда бир катар маанилүү документтерге кол коюлган. Алардын эң маанилүүлөрү катары төмөнкүлөрдү атоого болот: 1993-ж. 14-январында дипломатиялык мамилелер тууралуу, 1996-ж. 12-июлунда мамлекеттер аралык мамилелердин негиздери жөнүндө келишим жана 2004-ж. 26-майында эки өлкөнүн ортосундагы ынак коңшулук жана өнөктөштүк мамилелер жөнүндө келишим [11]. Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы тыгыз соода-экономикалык жана саясий мамилелердин начар өнүгүшүнө Тажикстандагы жарандык согуш, кийинчерээк чек ара маселесинин такталбашы себеп болгон.

Жогоруда айтылгандай, эки республика мамлекеттик чек араларды тактоо маселесин 1997-ж. көтөргөн, бирок, ал 2002-ж. гана иш жүзүнө ашып, 2025-ж. мартына чейин уланган. Чек ара маселесин чечүү боюнча катуу иштер 2021-ж. тартып күчөгөн [11]. Жаңы бийликтин жигердүү иш аракетинен улам мамлекеттик чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча өкмөттөр аралык комиссиялар тынымсыз иш алып барып, көптөгөн иштер жасалып, туруктуу негизде жолугушуулар уюштурулуп, кээ бир маселелер жер-жерлерде чечилген.

Эгемендүүлүк мезгилдеги кыргыз-тажик чек ара жаңжалдарын төмөндөгүдөй хроникалык негизде талдоого алууга болот. Кыргыз-тажик чек арасында 70 ашуун талаштуу жерлер, бир нече анклавдар болгон. Алардын ичинен өзгөчө курч мүнөзгө ээ болгон жерлердин катарына Тажикстандын Согди облусунун Исфара районундагы: Чорку, Сурх, Ворух жана Шураб, Баткен облусундагы Ак-Сай, Самаркандек жана Ак-Татыр ж.б. айтууга болот [10]. Тажикстандын Матчы, Ганчы, Бобожон Гафуров жана Спитамен райондорунун Баткен облусу менен чектешкен аймактарда 145 миң гектар жер талаштуу болгон.

Кыргыз-тажик чек арасын чечүү боюнча Өкмөттөр аралык комиссия 1997-2004-жж. аралыгында төрт жолу жолугушуу уюштуруп (Ош, Худжанд, Бишкек, Душанбе) анда унаалар үчүн чек арадан өтүүнү жеңилдетүү, мамлекеттик чек араны аныктоонун укуктук негизин түзүү; жерди пайдалануунун тартиби жана абалы; чек араны тактоодо космостон тартылган сүрөттөрдү пайдалануу, чек араны делимитациялоо жана демаркациялоонун укуктук негиздерди ж.б. маселелер каралган [10]. Тажик тарап 2003-ж. Душанбедеги жолугушууда мамлекеттик чек араларды аныктоонун негизин 1925 жана 1927-жж. документтерге таянып чечүүнү сунуштаган, бирок Кыргыз тарап 1936-1950-жж. документтердин негизинде чечүүнү сунуштаган [10. 90-б.]. Тараптардын бул маселени чечүүдө түрдүү документтерге таянуусу – сүйлөшүүлөрдүн жай жана натыйжасыз жүрүшүн шарттаган.

Жалпысынан алганда, 2008-ж. чейин эки республиканын чек ара аймактарында абал туруктуу болгон. Ошол жылдын 26-мартында гана абал кескин өзгөргөн. Исфара районунун акими жетектеген 150дөн ашуун куралчан адамдар экскаватор менен Кыр-

гызстандын аймагына мыйзамсыз киришип, суу бөлүштүрүүчү дамбаны бузууга аракеттенишкен [10. 90-б.]. Бул чек арадагы куралдуу жаңжалдардын эң алгачкысы эле.

2000-2013-жж. чек ара аймактарында 62 чыр-чатак катталган. Кагылышууда, негизинен, жөнөкөй нерселер,  мисалы, таш, эмгек шаймандары колдонулган жана ага аскердик түзүмдөр дээрлик катышкан эмес [19].

2013-ж. апрелинде Ворух анклавын айланып өтүүчү Көк-Таш-Ак-Сай-Тамдык айланма жолунун курулушу тажик тараптын кескин каршылыгын пайда кылган. Тажик тарап Ак-Сай менен Тамдык айылдарын бириктирген айланма жол Ворухка таандык жерге курулуп жатканын, эгерде, бул жол ишке кирсе, анда Ворухтун тургундары кыргыз жайлоолорунда мал багуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашат деп эсептешкен. Ворухтуктардын катуу каршылык көргөзүүсүнүн натыйжасында айланма жолду куруу иштери убактылуу токтотулган. Улуттар аралык мамилелерди курчуткан бул жаңжал жергиликтүү бийлик, чек ара кызматы жана дин өкүлдөрүнүн кийлигишүүсүнөн улам токтотулган.

2014-ж. 11-январында Хожаи Ало (Исфара району) жана Аксай (Баткен району) айылдарынын кесилишинде айланма жолдун курулушунан улам куралдуу (тажик аскерлери миномет жана гранатометторду пайдаланышкан)  жаңжал катталган [3]. Расмий Душанбе 2008-ж. 24-апрелиндеги макулдашууга ылайык талаштуу аймактарда түрдүү курулуш жана чарбалык иштерди жүргүзүүгө тыюу салына тургандыгын белгилеген. Чек арачыларынын ортосундагы атышуудан 2 тажик жана 5 кыргыз чек арачысы жана 1 тартип сакчысы жаракат алышкан [20]. Бул окуя эки тараптуу мамиледе олуттуу мааниге ээ. Эгерде, жогоруда айтылгандай алгач чек ара жаңжалдары жөнөкөй мүнөгө ээ болуп, аларга карапайым тургундар катышкан болсо, эми ал куралдуу кагылышууга өсүп жетип, аскердик түзүмдөр катыша баштаган.

2015-ж. 6-июлунда тажик жарандары Кыргызстандын аймагына киришип, Баткен-Исфана жолунда кетип жаткан унааны таш бараңга алып, чек арачыларга кол салып, курал-жарактарын тартып алышкан. Чек арачылардын атышууларынан улам Тажикстандын Чорку айылынын тургуну каза болуп, бир чек арачы офицер жаракат алган.

2021-жылдын апрель-май айларында Тажикстандын аскерлери Кыргызстандын беш чек ара бекеттерине кол салып, «Достук» чек ара кызматынын имаратын өрттөшкөн. Ага жооп иретинде кыргыз аскерлери тажиктердин «Хожа Аъло» чек ара кызматынын имаратын басып алган. Эки тарап тең чек арага кошумча аскер күчтөрүн жөнөтүшкөн. 28-апрелде эртең менен тажик аскерлери Кыргызстандын аймагына басып кирип, “Головной” суу бөлүштүрүүчү станциянын айланасын жана ондон ашуун кыргыз айылдарын пулемет, миномет жана ракеталар менен аткылап, абадан аскердик тик учактарды учурушкан. Эки күнгө созулган ок атышуудан 50дөн ашуун адам каза болуп, 200дөйү жаракат алган. Көптөгөн үйлөр, дүкөндөр ж.б. имараттар талкаланып, миңдеген адамдар башка аймактарга көчүрүлгөн [6].

1-май күнү кечинде Кыргызстан менен Тажикстандын Улуттук коопсуздук комитеттеринин жетекчилери К.Ташиев менен С.Ятимов Худжанд шаарында жолугушуп, чек ара маселесин талкууга алышкан жана ок атышууну толугу менен токтотуу жана аскерлерди чек ара аймактарынан чыгарып кетүү боюнча макулдашышкан [19].  2020-ж. башынан 2012-ж. апрелине чейин эки өлкөнүн ортосунда 7 куралдуу кагылышуу болгон [19].  Апрель окуясынан кийин эки тараптуу чек аралар толук жабылып, элдердин өз ара каттамдары (анын ичинде аба каттамдары да) толук токтогон [19].

2022-ж. сентябрына чейин чек арада 14 куралдуу кагылышуу катталган,  тажик аскерлери Кыргызстандын айылдарына кол салып, талоончулук иштерин жүргүзүп турушкан. Ал эми 14-17-сентябрда эки өлкөнүн ортосунда эң ири масштабдагы куралдуу кагылышуу болуп өткөн.

14-сентябрында тажик тарап Баткен облусунун чек арага жакын райондорун аткылай баштаган. Ал эми 15-16-сентябрда ок атышуу күчөп, оор техника: Т-72 танктары жана биринчи жолу «Ураган» ракеталык системасы чек арага тартылган. Ага жооп иретинде Кыргызстан брондолгон аскердик унааларды жана Түркиянын “Байрактар” согуштук дрондорун колдонгон [6].  Тажик аскерлери Кыргызстандын айыл-кыштактарына кол салып, социалдык объектилерди, карапайым калыктын турак жайларын талкалап, мал-мүлкүн  тартып алган.

Кыргыз бийлиги абалдын курчуп кеткүүсүн эске алып, чек ара аймактарына кошумча аскедик күчтөрдү тарткан эмес жана согуш жүрүп жаткан аймактардан 130 миңден ашуун жарандарды коопсуз жерлерге көчүргөн. Тажик аскерлери Кыргызстандын аймагына кол салып, бир нече айылдарды басып алып, стратегиялык жактан эң маанилүү деп эсептелген Ак-Суу (Исфара) дарыясындагы 36 метрдик көпүрөнү жардырып жиберишкен [6].

Эки өлкөнүн УКМК башчылары (К.Ташиев менен С.Ятимов) бир нече жолу жолугушуп, ок атышууну токтотуу боюнча макулдашышкан, бирок кырдаал 17-сентябрга караган түнү гана турукташа баштаган. Бул согушта үч күндүн ичинде эле жүздөн ашуун адам каза болуп, үч жүздөн ашуун адам жаракат алып, миңдеген адамдар турак-жайсыз калышкан. Бул окуя эки мамлекеттин жетекчилерин чек ара маселесин тез арада чечүүгө мажбур кылган. Чек ара комиссиясы үч жыл ичинде тынымсыз сүйлөшүүлөрдү өткөрүп, акыр аягында маселени толук чечүүгө жетишкен. Бул процесс өтө оор жана кыйын мүнөздө ишке ашкан. Анткени, түзүлгөн кырдаал тараптардан талаш жерлер боюнча мунасага барууну, саясий эрк көргөзүүнү талапт кылган.

2025-ж. 21-февралында кыргыз-тажик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча эки өлкөнүн өкмөттүк делегацияларынын тең төрагалары К.Ташиев менен С.Ятимов комиссиялар толук макулдашууга келгенин жарыялашкан. Бул окуя эки өлкө ортосундагы чыр-чатактардын толук токтошуна, элдердин эркин каттоосуна жана товарлардын эркин жүгүртүлүшүнө же соода-сатыктын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн [5].

2025-ж. 27-февралында КР парламентинин алты комитетинин биргелешкен жыйынында кыргыз-тажик чек арасын делимитациялоо боюнча макулдашуулардын долбоору колдоого алынган. Ал эми 19-мартта парламент кыргыз-тажик чек арасы боюнча келишимди ратификациялоо жөнүндө мыйзам долбоорун (Үч келишимди) бекиткен (1. Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы кыргыз-тажик чек арасы жөнүндө келишимди ратификациялоо. 2. Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы автомобил жолдорун куруу жана пайдалануу, автомобил жолдорунун кесилишин жабдуу жана пайдалануу жөнүндө макулдашууну ратификациялоо. 3. Кыргызстан менен Тажикстандын өкмөттөрүнүн ортосундагы суу чарба жана энергетика объектилерине жеткиликтүү камсыз кылуу боюнча макулдашуунун ратификациялоо). Тажикстандын парламенти 18-мартта кыргыз-тажик чек арасы боюнча макулдашууну ратификациялаган [5].

Кыргыз-тажик мамлекеттик чек аранын жалпы узундугу 1006,84 км. түзгөн. Анын 519,9 км. чек ара сызыгы 2011-ж. чейин такталып, жазылып, эки өлкөнүн жетекчилери тарабынан бекитилген [1]. Калган 486,94 км. боюнча маселер 2021–2024-жж. аралыгында такталган. Узакка созулган сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында тараптар мунасага келип, бир катар жерлерди алмашуу боюнча макулдашышкан. Алардын кээ бирлерине токтолуп кетебиз. Баткен облусунун **Арка айылындагы унаа жол менен "Достук" базары Тажикстанга берилип, анын ордуна** Лаккон айылынан *25* **га сугат жер алынган.** "Головной" суу бөлүштүрүүчү курулма (кыргыз тарап аны "Ак-Суу", тажик тарап "Исфара" деп айтышкан) Ак-Суу - Исфара дарыясынын нугунда жайгашкан суу тосмонун 3 суу дарбазасы (3 люк) тең ортодон бөлүнгөн же дарыянын нугу менен мамлекеттик чек ара сызыгы өткөн [1]. Тажикстан анын ордуна Чоң-Алай районундагы Унжу-Булак аймагынан Кыргызстанга 500 га жер берген. Жалпысынан Баткен районунан 142 гектар жер (анын ичинде аянты 91 гектарды түзгөн Достук айылы) Тажикстанга өткөн. Достук айылында Тажикстандын агессиясынан кийин үйлөр жаңы салынып, чек ара бекеттери да толугу менен жаңы курулган болчу. Ошондуктан Кыргыз Өкмөтүнүн талабы менен тажик тарап компенсация катары Лаккон аймагынан 30 га суулуу жер берген [1].

Кыргыз-тажик чек ара келишимине ылайык Ворух анклавынын тургундары иштетип келген 19 миң га жердин аянты 14,5 га азайтылган. Кыргызстан Тажикстанга Ворухтун айланасынан 1 миң га жер берип, анын ордуна Чоң-Алай районуна чектеш жерден Караган-Сай (1000 га) жайытын алган [1].

Чек ара маселесинде курч мүнөзгө ээ болгон Төрт-Көчө маселеси толук чечилген. Келишимге ылайык ал бейтарап макамга ээ

болгон. Ортодогу жол 10 м, эки жагынан 15 метрден коопсуздук тилкеси белгиленип, 40 метр жол бейтарап макамда ээ болгон. Төрт-Көчөгө чейин бардык коопсуздуктар каралган. Мындан сырткары, Дача-Капчыгай жолун тажик тарап, ал эми Миң-Өрүк-Самаркандек унаа жолун кыргыз тарап өздөрү куруп, өздөрү пайдалануу укугуна ээ болушкан [1].

Эки өлкөнүн ортосундагы чек ара маселесинин толук чечилиши Борбордук Азиядагы интеграциялык жараяндарга позитивдүү таасир тийгизип, аймактык кызматташтыктын мүмкүнчүлүгүн кеңейткен [12].

2025-ж. 12-13-мартында Бишкекте Кыргызстан менен Тажикстандын президенттери С.Жапаров менен Э.Рахмон мамлекеттик чек ара боюнча келишимдерге кол коюшкан. Натыйжада көптөгөн жылдарга созулган чек ара жаңжалдары толук чечилип, өз ара мамилелер жөнгө салынган. Э.Рахмондун Кыргызстанга жасаган мамлекеттик сапары тарыхый жактан өтө маанилүү окуя болуп саналат.

2025-ж. март айындагы келишимдерде жана кабыл алынган чечимдерде тараптар мамлекеттик чек ара сызыктарын аныктоо, чек ара аймактарында калктын суу, жерди пайдалануусу, чек ара аймактарындагы жашоочуларды мыйзамсыз кармоо маселесин жөнгө салуу ж.б. бир топ иш аракеттер каралган. Аталган келишимдерге кол коюлгандан кийин эки мамлекеттин ортосунда аба каттамдары кайрадан калыбына келтирилип, Бишкек-Душанбе, Бишкек-Худжанд аба каттамдары иштей баштаган.

Кыргыз-тажик чек ара маселесин чечүүдө тараптар саясий эркти көргөзүп, төмөнкү үч принципти негиз катары колдонушкан:

1) Мурунку өкмөттөр тарабынан түзүлгөн келишимдерди таануу жана андагы талаптарды аткаруу;

2) маселени чечүүдө бири-биринин кызыкчылыктарын эске алып, мунасага барууга даяр экендиги;

3) бири-биринин улуттук кызыкчылыктарын таануу жана түшүнүү [12].

«Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара маселелерин жөнгө салуусу дүйнөлүк практикада өзүнчө бир үлгү болду» - деп эсептейт тажикстандык саясий илимдер боюнча окмуштуу Парвиз Мухаммадзода [11]. Анын пикиринде мындай курч проблеманы тараптар ортомчуларды катыштырбай эле өздөрү чечишкен. Эки өлкөнүн оротосундагы чек ара жаңжалын жөнгө салуу жана маселени чечүүдө эл аралык практикада колдонулуп келе жаткан үчүнчү тараптын же саясий ортомчулардын кызматы колдонулган эмес. Муну тажик окумуштуулары чоң жетишкендик жана эки өлкөнүн жогорку жетекчилигинин күчтүү саясий эрки катары баалашат.

Акыркы мезгилдеги кандуу кагылышуулар, атап айтканда 2023-ж. сентябрындагы тажик агрессиясы – аталган көйгөйдү тез арада чечүү зарылдыгын көргөздү. Эки тарап тең конфликтик кырдаалдан тез арада чыгууга, колдо бар мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, абалды турукташтырууга аракеттенишкен [11].

Э.Рахмондун Кыргызстанга болгон мамлекеттик сапары учурунда түрдүү тармактарда кызматташуу боюнча 16 документке, анын ичинде өлкөлөр ортосундагы Мамлекеттик чек ара боюнча тарыхый келишимге кол коюлган. Кыргыз-тажик мамлекеттик чек ара боюнча келишим эки өлкөнүн ортосундагы ар тараптуу жана өз ара пайдалуу кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарт түздү [11]. Мындан сырткары, мамлекет башчылары Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы достук жана ынак коңшулук байланыштарын мындан ары бекемдөө жөнүндө биргелешкен билдирүүгө кол коюшкан. Узакка созулган сүйлөшүүлөрдүн, өз ара компромисске келүүнүн натыйжасында ишке ашкан бул макулдашуулар, келишимдер тарыхый мааниге ээ. Төмөндө жетишилген натыйжаларга токтолуп кетебиз: эки өлкөнүн ортосунда мамлекеттик чек ара маселеси толук чечилген; эки чек ара өтмөгү толук кандуу иштей баштаган; эки республиканын ортосунда түз аба каттамы калыбына келтирилген; эки өлкөнүн жарандарынын өз ара иш сапарлары, туризм же үй-бүлөлүк байланыш максатында карым-катнаштарына жол ачылган; соода кызматташтыгын күчөтүүгө жана соодагерлердин эркин каттоосуна уруксат берилген; эки өлкөнүн ортосунда транзиттик жүк ташууларды ишке ашырууга мүмкүндүк берилген; экономикалык мамилелер калыбына келтирилип, аны өнүктүрүүгө аракеттер жасала баштаган; электр энергиясын сатуу бо-

юнча Борбордук Азия республикаларынын алкагында ишке ашырылып жаткан долбоорлор калыбына келтирилген; илимий-маданий, гуманитардык, саясий чөйрөлөрдө, коопсуздук жаатында жана өз ара кызыкчылык туудурган башка тармактарда кызматташтыкты кеңейүү иштерине көңүл курула баштаган [11].

Жогоруда айтылган келишимдерге кол коюлгандан кийин кыргыз-тажик чек арасындагы көзөмөл-өткөрмө бекеттер ачылып, жарандардын эркин каттоолоруна уруксат берилген (2025-ж. 13-мартында) [11].

Мамлекеттик чек ара маселесинин чечилиши – эки өлкөнүн ортосундагы соода-экономикалык, маданий ж.б. багыттардагы мамилелерди өнүктүрүүгө, андан сырткары Борбордук Азия республикаларынын биримдигине, туруктуулугуна, тилектештигине, интеграциясына жана туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө түздү.

Кыргыз-тажик чек ара жаңжалдары узак мезгилди өзүнө камтып, аймактагы эң курч жана кооптуу геосаясий көйгөйлөрдөн болгон. Аталган проблема тарыхый, саясий жана этникалык факторлордон улам мезгил-мезгили менен курчуп, акыркы учурларда ири куралдуу кагылышууларга чейин өсүп жеткен. Акыркы согуштук абал тараптарды саясий сүйлөшүүлөрдү күчөтүүгө, маселени чечүү жараянын тездетүүгө мажбур кылды. Бирок, бул иш аракеттер эки өлкөнүн жетекчилеринин күчтүү эркин, бири-бирине компромисске баруусун, ишеним көргөзүүсүн талап кылды жана жигердүү иш аракеттердин, сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында маселе толугу менен чечилип, өз ара мамилелер кайрадан жакшыра баштады.

2025-ж. эки өлкөнүн ортосунда кол коюлган келишимдер парламенттер тарабынан ратификацияланып, чек ара маселесине чекит койду жана делимитация, демаркация иштери аягына чыкты.

Келишимдерге ылайык: Кыргыз-тажик мамлекеттик чек ара сызыгы толук такталып, расмий түрдө бекитилди; Ворух анклавы жана ага чектеш аймактар боюнча тараптарды ынандыра турган чечимдер кабыл алынды; талаш жерлер сүйлөшүү учурунда мунасага келүү менен жөнгө салынды (жерлерди алмашуу жолу аркылуу); эки өлкө үчүн өтө маанилүү Төрт-Көчө көйгөйү чечилди, ал бейтарап статуска ээ болду; ч**ек** арага жакын жол, суу бөлүштүрүүчү объектилерди биргеликте пайдалануу боюнча чечим кабыл алынды.

Эки тараптуу чек ара келишимине кол коюу менен аймактагы к**уралдуу** кагылышуулар токтоп, соода-экономикалык жана маданий байланыштар, элдердин эркин каттоосу жана транзиттик жүк ташуулар кайра калыбына келтирилди, аба каттамдары жанданып, эл аралык кызматташтык күчөй баштады.

Жалпысынан алганда, эки республиканын ортосундагы чек ара маселесинин толук чечилиши тарыхый жактан чоң мааниге ээ. Мында эң негизгиси, эки элдин кылымдар бою калыптанып, өнүгүп келе жаткан саясий, соода, маданий алакалары кайрадан калыбына келип, ишеним бекемделе баштады. Бул өз кезегинде эки мамлекттин тынчтыкта жашап, туруктуу өнүгүүсүнө жол ачат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айбашов К. Кыргыз-тажик чек арасы: талаштуу жерлер кандай чечилди? 27-Февраль. 2025/https://www.azattyk.org/a/kyrgyz-tazhik-chek-arasy-talashtuu-zherler-kanday-chechildi-/33329825.html
2. Аламанов С.К. Краткая история и опыт решения пограничных проблем Кыргызстана. Бишкек: Printhouse, 2005. 91 с.
3. Баймуратов А. Кыргыз-тажик чек арасындагы соңку кырдаал/ https://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2014/04/140407_kyrgyz_tajik_border. 2014-ж. 7-апрель.
4. Волков И.В. Основные проблемы геополитического положения Центральной Азии в эпоху глобализации (на примере Кыргызстана). Бишкек, 2007.
5. Жогорку Кеңеш Кыргыз-тажик чек арасы боюнча келишимди ратификациялады / https://www.aldaba.kg/news/3395
6. Закиров М.А., Ормоналиев К.О. Краткая история формирования государственных границ Кыргызстана. Ош, 2023.

7. Кыргызстан-Таджикистан: курс на укрепление партнерства в контексте региональных связей. Бишкек,2010.
8. Мурзакулова, А. Кыргызстан – Тажикстан чек арасындагы жамааттардагы социалдык биримдүүлүктүн жана чыңалуунун чакырыктары // Изилдөө отчету. 2018. №2. Аяк оона.
9. Омуралиев Н.А. Кыргызско-таджикские конфликты: социологический анализ. / Вестник КазНПУ им. Абая. Серия «Социологические и политические науки». №1 (77). 2022.
10. Ормоналиев К.О. Кыргызско-таджикские территориально-пограничные проблемы: история и современность. Ош, 2023.
11. Парвиз Мухаммадзода. Доктор политических наук, профессор ТНУ. Урегулирование пограничных вопросов между Таджикистаном и Кыргызстаном – уникальный пример в современном мире / 17:48, 20 марта / https://asiaplustj.info/ru/news/opinion/20250320/uregulirovanie-pogranichnih-voprosov-mezhdu-tadzhikistanom-i-kirgizstanom-unikalnii-primer-v-sovremennom-mire
12. Ризоён Ш. Таджикистан и Киргизия: решение пограничного вопроса открывает новую эпоху отношений / https://ru.valdaiclub.com/a/highlights/tadzhikistan-i-kirgiziya/ 18.03.25.
13. Стратегическая матрица Кыргызстана: ретроспектива, современность и сценарии будущего развития. Алматы, 2007. 438 с.
14. Тагайбекова А. Современные погранично-территориальные проблемы в Центральной Азии // Известия ВУЗов. 2012. №8.
15. Усубалиев, Е. Проблемы территориального урегулирования и распределения водно-энергетических ресурсов в Центральной Азии // Центральная Азия и Кавказ. 2002. №1 (19).
16. Имомов А. Территориальные и земельно-водные конфликты в Центральной Азии: взгляд из Таджикистана // https://cyberleninka.ru/article/v/territorialnye-i-zemelno-vodnye-konflikty-v-tsentralnoy-azii-vzglyad-iz-tadzhikistana.
17. На границе Баткенской области и Таджикистана произошел конфликт / https://www.vb.kg/doc /321945_na_granice_batkenskoy_oblasti_i_tadjikistana_proizoshel_konflikt.html.
18. Участок в 0,78 соток на трассе Кок-Таш – Аксай – Тамдык, который оспаривал Таджикистан, принадлежит Кыргызстану / https://for.kg/news-269169-ru.html.
19. Ырысбек Улукбек уулу, Абдылдаев А. Кыргызско-таджикская граница: хронология конфликтов. 4 октября 2022 / https://rus.azattyk.org/a/32063424.html
20. Этнотерриториальные и пограничные проблемы Центральной Азии / http://analitica.org/2450.